**УДК 1/14**

# БАРПЫ АЛЫКУЛОВДУН КООМДУК-САЯСИЙ ОЙЛОРУ

*Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна*
*ORCHID: 0000-0003-1642-3959*
*философия илимдеринин кандидаты,*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун доценти*
*Жалал-Абад шаары*
***toktogulova.72@mail.ru***

***Аннотация***

*Бул илимий макалада элдик акын Барпы Алыкуловдун коомдук-саясий көз карашы философиялык өңүттө анализденди. Тандалган теманын актуалдуулугу катары элдик акындын чыгармаларын илимий талдоодон өткөрүү белгиленди. Илимий макаланы даярдоодогу негизги максат Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы коомдук-саясий пикирин иликтөө. Изилдөө ишинин жүрүшүндө Барпы Алыкулов өз заманынын алдыңкы пикирдеги ойчулу, агартуучусу, даанышманы экендиги белгиленди.*

*Анын чыгармалары системалуу теориялык негизде жазылбагандыгына карабастан, коомдун алдыңкы пикирдеги инсаны катары реалдуу көз караштары менен өзгөчөлөнгөндүгү такталды. Анын чыгармаларын анализдөөдө бир катар илимий эмгектер, макалалар, монографиялар, илимий-популярдуу жана адабий стилдеги эмгектер пайдаланылды. Илимий макаланы даярдоодо универсалдуу жана жеке илимдерде колдонулуучу илимий ыкмалар колдонулуп, Барпы Алыкуловду таануу алкагындагы илимий маалыматтар топтоштурулуп, теориялык анализ жүргүзүлдү. Жүргүзүлгөн теориялык изилдөөлөрдүн, илимий талдоолордун жыйынтыгында Барпы Алыкуловдун дүйнө таанымынын ордосунан коомдук-саясий пикирлер орун алгандыгы белгиленди.*

*Барпы Алыкуловду изилдөө багытындагы макаланы даярдоодо объективдүүлүк, системалуулук, жалпы байланыш, өнүгүү жана тарыйлуулук принциптери толук сакталып, маалыматтарды иргөө, логикалык жыйынтык ыкмалары жакындан жардам берди. Герменевтика ыкмасы акындын чыгармалары менен кабардар кылса, индукция жана дедукция, кейс усулу, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү, салыштыруу ыкмалары колдонулуп, акын белгилеген коомдогу терс көрүнүштөрдөн оолак болуу келечек муундун милдети экендиги көрсөтүлдү. Илимий макаланын жыйынтыгы катары Барпы Алыкуловдун чыгармаларын изилдөөнү жалпы илимий чөйрө колго алуу зарылдыгы, анын чыгармаларынын өзөгүн түзгөн мекенчилдик темаларын туу тутуу, адам аксиологиясына көңүл буруу, адеп-ахлакты сактоо, адилеттүү болуу сыяктуу сунуштар берилди.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *дүнүйө, нрава, мораль, адам, инсандык сапат, адилеттүүлүк, теңсиздик, мекенчилдик, коом, дүйнө тааным.*

# ОБЩЕСТВЕННО-ПОЛИТИЧЕСКИЕ ВЗГЛЯДЫ БАРПЫ АЛЫКУЛОВА

*Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна*
*ORCHID: 0000-0003-1642-3959*
*кандидат философских наук*
*доцент ЖАГУ имени Б. Осмонова*
*город Жалал-Абад*
***toktogulova.72@mail.ru***

***Аннотация***

*В данной научной статье анализировались общественно-политические взгляды народного поэта Барпы Алыкулова с философской точки зрения. В качестве актуальности выбранной темы было отмечено проведение научного анализа произведений народного поэта. Основной целью подготовки научной статьи является исследование общественно-политического мнения Барпы Алыкулова в его работах. В ходе исследования было отмечено, что Барпы Алыкулов-передовой мыслитель, просветитель, мудрец своего времени.*

*Было прояснено, что, хотя его работы не были написаны на систематической теоретической основе, он отличался реалистическими взглядами на общество как на личность передового мнения. При анализе его работ был использован ряд научных работ, статей, монографий, работ научно-популярного и литературного стиля. При подготовке научной статьи были использованы научные методы, применяемые в универсальных и частных науках, собраны научные данные в рамках признания Барпы Алыкулова, проведен теоретический анализ. В результате проведенных теоретических исследований, научного анализа было отмечено, что в мировоззрении Барпы Алыкулова преобладают общественно-политические взгляды.*

*При подготовке статьи, посвященной исследованию Барпы Алыкулова, были полностью соблюдены принципы объективности, систематичности, общей коммуникации, развития и сужения, тесно помогли методы сортировки данных, логического вывода. В то время как метод герменевтики информирует поэта своими произведениями, индукция и дедукция, метод кейса, переход от абстрактного к конкретному, методы сравнения используются, чтобы показать, что задача будущих поколений-избегать негативных явлений в обществе, отмеченных поэтом. В качестве выводов научной статьи были высказаны такие предложения, как необходимость взять на себя изучение работ Барпы Алыкулова в целом научном сообществе, знаменовать патриотические темы, лежащие в основе его работ, обращать внимание на аксиологию человека, сохранять мораль, быть справедливым.*

***Ключевые понятия:*** *мир, нравы, мораль, человек, личность, справедливость, неравенство, патриотизм, общество, мировоззрение.*

## SOCIO-POLITICAL VIEWS OF BARPA ALYKULOV

*Toktogulova Guljamal Tynybekovna*
*ORCHID: 0000-0003-1642-3959*
*ph.d. associate professor of JAGU after B.Osmonov*
*Jalal-Abad city*
***toktogulova.72@mail.ru***

***Abstract***

*This scientific article analyzes the socio-political views of the national poet Barpa Alykulov from a philosophical point of view. The scientific analysis of the works of the national poet was noted as the relevance of the chosen topic. The main purpose of preparing a scientific article is to study the socio-political opinion of Barpa Alykulov in his works. During the research, it was noted that Barpi Alykulov is an advanced thinker, educator, and sage of his time.*

*It was clarified that, although his works were not written on a systematic theoretical basis, he was distinguished by realistic views of society as a person of advanced opinion. A number of scientific papers, articles, monographs, works of popular science and literary style were used in the analysis of his works. During the preparation of the scientific article, scientific methods used in universal and private sciences were used, scientific data were collected within the framework of the recognition of Barpa Alykulov, and a theoretical analysis was carried out. As a result of theoretical research and scientific analysis, it was noted that socio-political views prevail in the worldview of Barpa Alykulov.*

*When preparing the article devoted to the study of Barpa Alykulov, the principles of objectivity, systematics, general communication, development and narrowing were fully observed,*

*data sorting and logical inference methods were closely helped. While the hermeneutical method informs the poet with its works, induction and deduction, the case method, the transition from the abstract to the concrete, comparison methods are used to show that the task of future generations is to avoid negative phenomena in society, noted by the poet. As the conclusions of the scientific article, such proposals were made as the need to undertake the study of Barpa Alykulov's works in the whole scientific community, to mark the patriotic themes underlying his works, to pay attention to the axiology of man, to preserve morality, to be fair.*
***Key concepts:*** *peace, morals, morality, man, personality, justice, inequality, patriotism, society, worldview.*

**Киришүү.** Кыргызстандын эгемендикке ээ болушу кыргыз коомундагы бир топ өзгөрүүлөрдүн жаралуусун, улуттук аң-сезимдин, руханий-адеп-ахлактык баалуулуктардын жанданышын шарттады. Кыргыз элинин объективдүү жана чыныгы тарыхын калыбына келтирүү аракеттери ишке аша баштады. Илимий изилдөөлөрдө дагы, мамлекеттик документтерде да ата мекендик тарыхты терең, жаңы методологиялык көз караш менен кайра карап чыгуунун зарылдыгы белгиленди [6].

Адамзат коомунун тарыхы ири тарыхый окуялар менен коштолуп, ал окуялардын ар түрдүү таасирлеринин натыйжасында коомдук кырдаал өзгөрүп, өзүнүн кандайдыр бир өсүү деңгээлинде гуманистик көрүнүштөр объективдүү түрдө пайда болот. Мындай коомдук-саясий жана тарыхый өзгөрүш өзүнүн коомдогу материалдык жана рухий жашоого чоң таасирин тийгизет. Ар бир тарыхый доордо маданияттын жаңы тиби жаралып, ал кооомдун маңызына байланыштуу өз формасын, мазмунун, маанисин, идеологиялык багытын, социалдык функциясын өзгөртүп турат. Ошондой өзгөргөн кырдаалды реалдуу чагылдыргандар катары эл арасынан чыккан агартуучуларды, элдик акындарды, алдыңкы пикирдеги ойчулдарды белгилей кетүүгө болот. Дүйнө түзүмдү, коомдук абалды аалам бийиктигинен аңдап таанып даанышман акын Барпы Алыкуловдун жашап өткөн доору кыргыз коомундагы сабатсыздык менен күрөшүү мезгилинин башталышына туура келип, элдин тарыхый тагдырына байланыштуу көрүнүштөрдү адабий-көркөм ыр саптарында реалисттик багытта чагылдырган элдик акындардын катарында турат. Ошол доордогу кыргыз коомунун агартуу жараянында көркөм сөз өнөрү кеңири колдонулуп, анын реалистик өзөгүн түзүп, мунун натыйжасында адамдын аң-сезими жогорулап, билими жана дүйнө таанымы арткан. Бул жагдай түздөн-түз Барпы Алыкулов сыяктуу элдик акындардын чыгармачылыктарына байланыштуу өнүккөн.

**Материалдар жана изилдөө методдору.** Барпы Алыкуловдун коомдук-саясий ойлорун анализдөөдө илимий иш жазууда колдонулган илимий ыкмалар пайдаланылып, принциптери эрежеге ылайык сакталды. Анализ ыкмасы Барпы Алыкулов тууралуу жазылган теориялык эмгектерди анализдөөгө жакындан жардам көрсөттү. Герменевтика ыкмасы элдик акындын чыгармаларынын текстин чечмелөөгө жардам берди. Анткени, интерпретациянын маңызы тексттин символикалык тутумунан анын физикалык эмес, маанисин түзүү болуп саналат. Ал эми интерпретация куралы катары чыгарманы кабыл алган инсандын ички дүйнөсүнө таасир калтыруу, байытуу саналат. Байкоо ыкмасы менен изилденип жаткан элдик акындын чыгармаларындагы коомдук-саясий ойлорун сүрөттөгөн саптар изилденди. Салыштыруу ыкмасы аркылуу Барпы Алыкуловдун эки доорду көргөн, эки доордо жашаган акын катары коомдук-саясий пикири талданды. Ошондой эле абстракция ыкмасы аркылуу акындын дүйнө таанымы, акыл-эс изоляциясы, башка ойчулдардан өзгөчөлүгү иликтенди. Андан сырткары максаттуулук, объективдүүлүк, системалуулук, тарыхыйлуулук принциптери так сакталды.

**Тыянактар жана талкуулар.** Барпы Алыкулов кыргыз коомунун алдыңкы пикирдеги ойчулу катары жалпы элдин кызыкчылыгы үчүн эмгегин арнап, өз элинин элдик акынына айлана алган. Ал көөдөнүндөгү көрө билгичтиги, даанышмандыгы менен катардагы адамдардан айырмаланып турган. Жеңижоктун: “Акын адам даанышман”[1,134], - деген ыр саптары анын айкын мисалы десек болот.

Көп кырдуу көз караштагы акын Барпы Алыкуловдун адамгерчиликтүүлүккө, эмгекчилдикке, сүйүүгө ширелген чыгармаларынын таалим-тарбиялык, агартуучулук таасири күчтүү болгон. Акындын чыгармаларында жаратылыш жана коомдун кубулуштарына байланыштуу терең мазмундуу ойлор, коомдук-саясий көз караштарды камтыган пикирлер көп эле кездешет. Барпы Алыкулов дүйнө таанымдагы өзгөчөлөнгөн ойлорун жөн гана пайдалануу менен чектелбестен, аны кыргыз коомуна поэзиянын тили аркылуу жеткирген. Мындай пикирди билдирүү менен биз акынды ашыкча мактай берүүдөн алыспыз, себеби, анын чыгармаларындагы коомдук-саясий ойлор толук калыптанбаган жана системага салынган теориялык маңызга ээ эмес. Бул көрүнүш Барпы Алыкулов жашаган кыргыз коомунун, маданиятынын жана дүйнө таанымынын чектелүүлүгү менен түшүндүрүлөт. Ал эми турмуш тажрыйбасы жана андан келип чыккан түшүнүктөр Барпы Алыкуловду табияттын, социумдун көрүнүштөрүн, нерселерди стихиялуу түрдө гана кабыл алууга, коомдук-саясий көрүнүштөргө байланыштуу ойлорду айрым бир деңгээлде гана чечмелөөгө алып келген. Тактап айтканда, элдик акындын реалисттик, коомдук-саясий ойлору теориялык негизде эмес, баамдоочулуктун, стихиалдуулуктун негизинде пайда болгон. Анын мисалы катары акындын патриархалдык-феодалдык түзүлүшкө каршы, уруу, уруктарга бөлүнүүчүлүк жагдайларга, ак сөөктөрдүн экономикалык жана саясий жактан үстөмдүк кылууларына, бийлердин адилетсиздиктерине, манаптардын манчыркоосуна, кедей-кембагалдардын начар турмушта жашоосуна каршы эркин ой толгоолору эсептелет. Анткени, Барпы Алыкулов элдин төмөнкү катмары менен бирге жашап, алардын кызыкчылыктары үчүн поэзиянын тили аркылуу күрөш жүргүзгөн. Мына ушундан улам элдик акындын эмгектеринде, ыр тизмектеринде коомдук-саясий көз караштар, кедей-кембагалдардын келечек тууралуу ойлору, үмүт-тилектери, мүдөөлөрү кеңири чагылдырылган. Акындын эмгектеринде коомдук көрүнүштөр, коомдогу топтор, коомдогу адилеттүү жана адилетсиз жагдайлар, коомдогу мамилелер, максаттар, коомдогу адамдардын ээлеген орундагы тууралуу кеп козголот.

Барпы Алыкуловдун коомдук-саясий пикиринин өзөгүн коомдун төмөнкү катмарын түзгөн кедей-кембагалдардын жан кейиткен абалы, көйгөйлүү жашоосу, маселелери түзгөн. Бул катмар менен бирге өмүр кечирген акын акыйкат жашоонун келүүсүн эңсеп, жогорку катмарды сын көз караш менен ачыктоо аракетин жасаган. Барпы Алыкулов тап күрөшүнүн түпкү маңызын, антогонисттик жикке бөлүнүүнү терең аңдай албагандыгына карабастан, өз ырларында жашоонун реалдуулуктарына токтолуп кеткен. Акындын: “Өткөн күнүм, Кеткен күнүм, Жокчулуктан көз жашымды, Төккөн күнүм”– деген ыр саптарында ошол коомдогу абалды айкын көрсөткөндүгүнө токтолгон автордун: “Барпы...айланада болуп жаткан адилетсиздикти, теңсиздикти, зордук-зомбулукту көрөт; эл атынан ошого ал наалат, каргыш айтып, эмгекчи элдин эркиндик, теңдигин эңсейт; жарык күн жакшы турмушту тилейт” [2,12] – деген пикирине кошулууга болот. “Барпы Алыкулов:

Ук, калайык, үнүмдү,
Мен көргөн кайгы күнүмдү.
Бай-манаптын дардинен
Канча адамзат бүлүндү.

Күйгүздү заман мендейди,
Күйгөндөн шордуу не дейди?
Залимге – сый, той, тамаша,
Көзгө илишпейт кедейди – деп, эки таптын – эзүүчүлөр менен эзилген кедейлер табынын ортосундагы карама-каршылыкты көрсөтүп, үстөмдүк жүргүзгөн төбөлдөрдүн жеткен залимдерден экенин, алар жакырчылыкта жанчылган кедейлердин ал-абалын эске алмак тургай, кайра катуу эзүүнү ого бетер күчөтөөрүн жарыялап ырдаган” [2, 21]– дейт Жаки Таштемиров. Чынында, кыргыздын элдик акыны коомдогу социалдык теңсиздикти ыр саптары аркылуу жеткирүүгө аракет жасаган. Анын коомдук-саясий көз карашына ылайык, кедей-кембагалдар өндүргүч каражаттарынан толук ажыратылган, чектелүү материалдык

муктаждыктарга гана ээ болгон коомдогу таптардын катарын толуктаса, бай-манаптар алардын эмгегинин эсебинент жашаган тап катары сүрөттөлөт. Ошого байланыштуу Барпы Алыкуловдун көркөм-аналитикалык ыр саптары дайыма ашкерелөөчү жана активдүү чабуулчу мүнөзгө ээ болгон. Элдик акындын коомдук-саясий пикири катардагы адамдардын көз карашынан айырмаланып, турмуштун карама-каршылыктуу көрүнүштөрү менен толукталып, ой толгоолору сынчылдык, ашкерелөөчүлүк багытта берилген. Ал социалдык тескери көрүнүштөрдүн келип чыгыш негизин бай-манаптардын ишмердүүлүгүнөн издеп:

“Сен күйгөн байдан мен күйгөм,
Экөөбүз жолдош тең күйгөн...
Үйгөнүмдөн ыр кошуп
Аттанып чыктым жыйынга.
Болуштар бизди кемсинтип
Салып жүрөт кыйынга” [2, 48] – деп коомдогу адилетсиздикти ачык айтып, бай-манаптардын, болуш-бийлердин элге жасаган адилетсиз мамилесин, жосунсуз зомбулуктарын ачыктаган.

Окумуштуу Г.Т.Токтогулованын пикирине ылайык: “Барпы Алыкулов башка элдик акындардан айырмаланып патриархалдык-феодалдык эксплуатациянын айрым төбөлдөрүн эмес, бүтүндөй эзүүчү тапты социалдык жат көрүнүш катары сындайт. Бай-манаптардын материалдык байлыктарынан кедей-кембагалдардын рухий дүйнөсүнүн жогорулугун ачып көрсөтөт. Акын үчүн өз кызыкчылыгын ойлогон адам материалдык байлыкка гана умтулат, ал эми эл кызыкчылыгын көздөгөн адам рухий байлыкка басым жасай” [3,90] тургандыгы белгиленет. Барпы Алыкуловдун коомдук-саясий пикирине тиешелүү мүнөздүү өзгөчөлүк катары, “Өз кызыкчылыгын көздөгөн адамдарда материалдык байлык, ал эми эл кызыкчылыгын көздөгөн адамдарда рухий байлык аныктоочулук, чечүүчүлүк мааниге ээ” [4, 132-134] экендигин баса көрсөткөн пикирлердин арбын болуусуна акындын курч саптары негиз болгон.

Барпы Алыкуловдун коомдук-саясий пикиринин ядросун мекенчилдик темасы түзүп, аны чечмелөө жогорку кесипкөй деңгээлде аткарылбаса да элди ынтымакка чакыруу темалары көтөрүлгөн:

“Ынтымагы бар элдин
Таалайы, багы ачылат.
Ынтымагы жок элдин
Тапканы бекер чачылат.
Эли чогуу жайылат
Ынтымагы жок элдин
Эли качып суюлат” [4, 78-79]. Анын ыр саптарындагы мекенчилдик темасы калайык-калктын таламдарын көздөп, конкреттүү-тарыхый шарттар да сүрөттөлөт. Маселен:

“Кайраты бар жигиттер
Аскерге жөнөйт ок болуп – деп Барпы...алардын эл милдетин аткарууга баратканын түшүндүрөт [2, 34]”.

Акындын коомдук-саясий ой-толгоолорунун критерийлеринин бири катары сырткы табигый жана коомдук реалдуулукту туюнткан “дүйнө” деген түшүнүктүн кездешүүсү. Ал метафизикалык, бир беткейлүүлүк көз караштын туткунунан чыга албаса да дүйнөнү объективдүү сүрөттөөгө аракеттенген. Анын дүйнө таануучулук системасында “дүйнө” [5] түшүнүгүнүн алкагында “табият”, “жашоо”, “өмүр”, “адам” деген сыяктуу толук образдуу көз караштар кеңири кездешээри төмөндөгү ыр саптарынан байкалат:

“Айт, айт десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган
Ааламдагы адамды айт” [2, 50].

Андан сырткары акындын чыгармаларында клерикализмге каршы идеялар, агартуучулукка үндөөлөр, диний-мистикалык темалар, акыл-эстин ролун жогору баалоолор, адеп-ахлактык сапаттарды сактоого чакыруулар кеңири кездешет.

**Корутунду**. Жыйынтыктап айтканда, биз Барпы Алыкуловдун коомдук-саясий көз карашын илимий талдоодон өткөрдүк. Ал билимдүү болууну алдыңкы орунга коет. “Байлык” түшүнүгүн материалдык жана руханий баалуулуктарга бөлөт. Чыныгы байлык катары жан дүйнөнүн байлыгы болуп саналган руханий байлыкты баса көрсөтүп, руханий байлык гана адамды адам катары көрсөтөөрүн эскертет. Барпы Алыкулов элдин жашоо жагдайы, дүйнөгө болгон көз карашы, билим деңгээли менен тааныш болгондуктан, өзүнүн ырларында коомдук-саясий ойлорун көркөм поэтикалык формада жеткирген.

Колдонулган адабияттар:
1. Жеңижок. Ырлар[Текст] / Жеңижок – Фрунзе, 1982.-134-б.
2. Шамшиев Б. Барпы изилдөөлөр эскерүүлөр арноолор[Текст] / Б.Шамшиев – Бишкек, 1994.-312б.
3. Токтогулова Г.Т. XIX-XX кылымдардагы кыргыз элинин агартуучулук ойлору [Текст] / Г.Т.Токтогулова – Жалал-Абад, 2013.-136б.
4. Алыкулов Б. Тандалмалар [Текст] / Б.Алыкулов – Фрунзе, 1984.-132-134-бб.
5. https://www.youtube.com/watch?v=W0pT6MzimsE (көчүрүп алуу: 19.04.2024).
6. Токтогулова Г.Т. Түркстан крайындагы тилдердин колдонулушун тарыхый талдоо // А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы. 2024-ж. №1. (23).